КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ИЗИЛДӨӨЛӨР

КР өкмөтүнүн комиссиясынын талабы боюнча 2012-жылы суунун сапаты боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Аны германиялык эксперттер аткарып, анализдер дасыккан германиялык лабораторияда аткарылган. Жер үстүндөгү суунун сапаты 12 түйүндөн алынган үлгүлөрдү анализдеп, Европалык жана Германиялык стандарттар боюнча текшерилген. Негизги жыйынтыктары төмөнкүчө:

- Жер үстүндөгү сууларда цианиддин жогорку концентрациялары жана уулу заттар жок
- Элементтердин концентрациясы жана цианиддер агынды сууларда Германиялык Агынды суулардын сапатына коюлган стандарттардан кыйла төмөн деңгээлде
- Айрым көрсөткүчтөрдүн жогору болушу кошумча изилдөөлөрдү талап кылат, бирок Кумтөр дарыясынан төмөн карай жашаган адамдарга коркунуч туудурбайт.

Биз Айлана-Чөйрөнү коргоо боюнча толук отчет жана башка маалымдамалар менен www.kumtor.kg сайтынан таанышууга чакырабыз.

БАЙЛАНЫШУУ

«Кумтөр» айлана-чөйрөнүн мониторинги, изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана бүтүмдөрү боюнча маалымдап турууга милдеттенмесин алган. Айлана-чөйрөгө мониторинг жүргүзүү программасынын жыйынтыктары Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча жылдык отчетто камтылган. Ал кыргыз, орус жана англис тилдеринде биздин корпоративдик сайттан (http://www.kumtor.kg), түркүн мекемелер, китепкана, жогорку окуу жайлар, мектептер, коомдук уюмдарда ж.б. жерлерде жеткиликтүү.





СУУ САПАТЫНА КӨЗӨМӨЛ ЖАНА ТАЗАЛОО

«Кумтөрдүн» бул брошюрасы жана бул тармакта жүргүзгөн бардык иштерибиз тууралуу пикирлериңизди билүүгө, ошондой эле суроолоруңузга жооп берүүгө дилгирбиз. Биз менен environment@kumtor.com электрондук дареги менен байланышып, же түздөн-түз кеңсеге жана компаниянын маалымат борборлоруна кайрылсаңыз болот:

Башкы кеңсе
Бишкек ш., 720031, Ибраимов көчөсү 24,
тел.: +996 312 90-07-07

Каракол шаарындагы аймактык кеңсе
Каракол ш., Биринчимай көч.61,
тел.: +996 3922 5-77-99

Барскоон айылындагы аймактык маалымат борбору
тел.: +996 775 97-12-92

Балыкчы шаарындагы маалымат борборунун бөлүмү
тел.: +996 312 90-07-39 кошумча н.: 5124

Бөкөнбаев айылындагы аймактык маалыматтык кеңсе
тел.: +996 779 05-57-78

БРОШЮРАНЫН МАЗМУНУ

Бул брошюра биздин кызматкерлердин, айлана-чөйрөнүн жана агымдан ылдыйкы жамааттардын коопсуздугун камсыздоо үчүн ичүүчү суу менен саркындыларды заманбап технологияларды колдонуу менен тазалоо иш-аракеттер тууралуу маалымдайт. Бул брошюралар сериясынын бири.

«КУМТӨР» ЖӨНҮНДӨ

«Кумтөр» түбөлүк тоңдуктагы, мөңгүлөргө жакын, 3600дөн 4400 метр бийиктикте ачык ыкмада иш алпарган дүйнөдөэң бийик жайгашкан алтын кендердин бири. Алтын өндүрүү 1997-жылы башталып, 2026-жылы аяктамакчы. Кен иштеткен «Центерра Голд Инк.» компаниясынын үчтөн бириндей үлүшү «Кыргызалтын» ААКы аркылуу Кыргыз Республикасына таандык.

МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

Биздин башкы приоритеттерге компания жана өнөктөш ишканалардын, жамааттардын саламаттыгы менен коопсуздугу, жигердүү айлана-чөйрөнү коргоо системдери кирет, жана алар Компаниянын саясаттары менен Айлана-Чөйрөнү коргоо боюнча жылдык отчеттордо көрсөтүлүп, www.kumtor.kg сайтында жеткиликтүү. Аталган документтерде Кумтөр дарыясына өнөр жай жана тиричилик саркынды сууну төгүүдөн мурда жогорку стандарттар боюнча тазалоо милдеттенмелери да да камтылган.

«КУМТӨР» КЕНИНДЕГИ СУУ САПАТЫН ЖӨНДӨӨ

Суу сапатын жөндөө өндүрүштүн ажырагыс жана маанилүү бөлүгү. Айлана-чөйрөгө таасир даражасын Кыргызстан мыйзамдары жана эң мыкты эл аралык тажрыйбалардын деңгээлинде төмөндөтүү милдеттенмесин алганбыз. Аларды аткаруу үчүн суу колдонуу менен сапатын көзөмөлдөө дыкат жөндөөгө алынган. Талап кылынган бардык учурларда, агындылар тазаланып, чыгарылат. Суу сапатын көзөмөлдөөдө башкы компоненттер:

- Кызматкерлерди таза суу менен камсыздоо;
- Өндүрүштүк жана тиричилик чыгындыларын топтоп, Кыргызстан менен эл аралык жогорку стандарттарга ылайык тазалоо;
- Тазаланган сууну агызылган, жана агымдан төмөн карай түйүндөрдөн улам сапатын биздин жана эл аралык сертификациядан өткөн лабораториялардан текшерип, көзөмөлдөө.
- Суу сапаты боюнча маалыматты бардык кызыкдар тараптарга жеткирүү.

СУУНУ КАЙДА ПАЙДАЛАНАБЫЗ?

«Кумтөр жана Сууну пайдалануу» брошюрасында айтылгандай, кендин керектөөсү үчүн суунун негизги бөлүгү Петров мөңгүсүнөн тунуккан табигый көлдөн алынат. Петров көлүнөн чыккан суунун жалпы көлүмүнүн 5%дай гана колдонулат. Алынган суунун 97% кен иштетүүгө пайдаланылат. Калган 3% турак лагеринин тиричилик жана санитардык муктаждыктары үчүн колдонулат.

СУУ АНДАН АРЫ КАЙДА БАГЫТТАЛАТ?

Суунун болжол менен 83% жаратылыш төйрөсүнөн ажыратылбастан пайдаланылат. Бул суу кайра Кумтөр дарыясына кайтарылат дегендик. Фабрикандын өндүрүштүк чыгынды суу түтүгү аркылуу калдыктар чарбасына куюлуп, ошол жерде сакталат. Жылдын жылуу мезгилинде, Кумтөр дарыясы тоңбой калган убакта чыгындылар калдыктар чарбасынан тазалоочу курулмаларга куюлуп, тазаланган соң гана Кумтөр дарыясына төгүлөт. Чарбалык-тиричилик чыгындылар да жылуу маалда топтоочу көлмөгө, андан ары аталган дарыяга ЧТЧТЧдан өткөндөн кийин гана агызылат.

СУУ САПАТЫНЫН СТАНДАРТТАРЫ

Колдонулган суу агызылардан мурда биздин экологиялык экологиялык уруксаттамалардагы уруксат берилген чектеги чыгынды (УБЧЧ) нормативдерине шайкештикке чейин тазаланат. УБЧЧ нормалары ЧТЧТК жана ӨЧТКда да пайдаланып, сууну дарыяга чыгаруу төгүү түйүндөрүндө да пайдаланылат. Төгүлгөн суу сапаты Канаданын стандарттары жана Эл аралык финансылык корпорациясынын көрсөтмөлөрүнө туура келет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнү уюштурган 2012-жылкы Германиялык эксперттеринин комиссиясы көз карандысыз үлгүлөрдү алып, анализ жыйынтыктары Европадагы тиешелүү суу сапат стандарттары менен салыштырылган. Улгу анализи германиялык лабораторияда жүргүзүлүп, жыйынтыгы «Кумтөрдүн» корпоративдик веб-сайтында жарыяланган (Брошюранын «Көз карандысыз изилдөөлөр» бөлүмүнө да көз салсаңыз болот).

ТОПТОО ЖАНА САКТОО

Чыгынды суу жабык суу түтүгү менен сордурулуп, калдыктар чарбасында төгүүнүн аныкшарттарына чейин убактылуу сакталат. Өндүрүштүк чыгындылар айлана-чөйрөдөн тосулган дамба (тогоон) аркылуу далдоолонгон калдыктар чарбасында кармалат. Анын үстүңкү боору эң калың полиэтилен кабыгы менен чүмкөлгөн. Чарбалык-тиричилик чыгындылар көлмөдө сакталып, ЧТЧТКда тазаланып, жылуу маалда гана Кумтөр дарыясына куюлат.

СУУНУ ТАЗАЛОО

Петров көлүнөн алынган ичүүчү суу эл аралык стандарттагы ыкмаларда Ичүүчү сууну тазалоочу станцияда (ИСТС) тазаланат. Ага флокуляция, чыпкалоо, активдүү көмүртек менен чыпкалоо, хлордоо жана ультрафиолет менен нурлантуу кирип, бардык баскычтар кесек жана майда кошулмалардан алынтып, дезинфекциялайт.

Өндүрүштүк агындылардын сапаты боюнча коомпчулуктун кооптонуусун жараткан цианид бирикмелери. Ал химикат алтынды рудадан ылгап алуу процессинде колдонулат. Цианид жогорку көлөмдөрдө балыктар менен жапайы жаныбарлар үчүн уулуу болушу мүмкүн.

Курамында цианид бар өнүдрүштүк чыгындылар биринчи баскычта табигый тазаланат. Калдыктар чарбасындагы суюктуктун бетине тийген күндүн ультрафиолет нурлары цианиддин табигый жоюлуп, ыдырашына алып келет.

Андан соң өндүрүш чыгындыларын тазалоочу курулмаларга (ӨЧТК) куюлат, анда патенттелген «INCO/ Инко» ыкмасы менен тазаланат. Бул – дүйнөлүк алтын кен ишканаларын тажрыйбасы. Чыгындылар үч баскычта тазаланат – цианиддерден арылтуу, экинчиси металлдардан тазалоо жана үчүнчүсү – катуу заттарды чыпкалап, тазаланган сууну дарыяга төккүчө сактоо.

Чарба-тиричилик агындыларда болсо башкы маселе жаратуучу шарт – табигый суудагы кычкылтекти жутуп алуучу органикалык заттардан арылтуу (Биохимиялык Кычкылтек Талабы же БКТ). Ал үчүн биологиялык тазалоо ыкмалары колдонулат. Анын маңызы суудагы органикалык заттарды талкалоо үчүн өзгөчө бактерияларды пайдалануда. Андан тышкары, төгүлөрдө агынды айлана-чөйрөгө зыяндуу бактерияларды өлтүрүү үчүн хлордолот. Кендин абдан бийиктикте жайгашканын жана абада кычкылтектин аз болушун, катаал климаттык шартты эске алсак, тазалоо процесси белгилүү кыйынчылыктарга байланыштуу. Бирок, бул үзүрлүү чечимдерден жана тыкыр көзөмөлдөн улам ийгиликтүү ишке ашырылууда.





ҮЛГҮЛӨРДҮ АЛУУ ЖАНА МОНИТОРИНГ

Мониторниг - жаратылышты коргоо аракеттерин жөндөө тутумунда эң маанилүү, сууларды колдонуу жана тазалоо иштери бардык талаптарга жараша аткарылганын көрсөтүүчү маалымат берген багыттардын бири. Регулярдуу мониторинг көйгөйлөрдүн алдын алууга, олуттуу кесепеттердин алдын ала жаралган маселелерди жоюу үчүн убагында чара көрүүнү камсыздайт.

Мониторинг компаниянын экологдоруна жүктөлгөн. «Кумтөр жана суу корун пайдалануу» брошюрасында көрсөтүлгөндөй, жыл сайын кен аймагынан суу, аба жана топурактан 9 минден ашуун үлгү алынат. Айрыкча, жер үстүндөгү сууларга байкоо жүргүзүүгө көңүл бурабыз. Таза суунун да сапаты суткасына эки ирет текшерилет. Биз алган маалыматтарды тастыктоо үчүн үлгүлө КРдин жана Канаданын лабораторияларына жиберебиз. Мамлекеттик органдардын өкүлдөрү да көз карандысыз анализ жасап турушат. Мындай үлгүлөр Кумтөр дарыясына тазаланган чыгындыларды төгүү чечимин кабыл алуудан мурда сөзсүз түрдө алынат.

Ал эми жер үстүндөгү суулардан дайым 18 ар башка жерден, анын ичинде тазалоочу курулманын агымынан өйдө жана ылдый тарабынан (табигый маалыматтарга ээ болуу үчүн), ошондой эле Кумтөр дарыясынын кенден 5 км алыстыкта жайгашкан агымы боюнча бир нече жерден: «көзөмөл кесилиши» же «аралашуу аймагынын аягын» (ААА), агым боюнча дайым жер үстүндөгү суудан алынчу Нарын шаарынан 2 км аралыкта жайгашкан акыркы чекиттен үлгү алынат. Өндүрүш чыгындыларын тазалоочу курулмалардан (ӨЧТК, жылдын жылуу маалында гана пайдаланылат) жана Чарбалык-тиричилик чыгындыларды тазалоочу курулмалардан (ЧТЧТК) агызууда суу сапаты күн сайын көзөмөлдөнөт.

САРКЫНДЫ СУУНУН САПАТЫ

Саркынды суунун сапатын аныктоодо үлгү алуунун башкы түйүндөрү булар: (1) ӨЧТКдан агызуу, өзгөчө цианиддин бар-жогун текшерүү; (2) ЧТЧТКдан төгүү түйүнү; (3) Кумтөр дарыясынын «көзөмөл кесилишинде» же «ААА» түйүнү. Адистеribиздин да, текшерүүлөрдө мамлекеттик органдардын өкүлдөрү да алган үлгүлөрдүн жыйынтыктары ӨЧТК цианид жана башка заттардын үлүшүн белгиленген нормаларга чейин төмөндөтүү вазыйпасын аткарып жаткандыгын көрсөтүүдө (Бул боюнча «Көз карандысыз баа» бөлүмүнөн да маалымат таба аласыз).

ЧТЧТК боюнча, чыгындылардагы заттардын топтолушу да негизги көрсөткүчтөр, ошону менен бирге БКТ боюнча да белгиленген нормаларга чейин тазалоо процессинин найжалуулугун тастыктайт. «Көзөмөл кесилишинде» же «ААА» түйүнүндө суу сапаты белгиленген стандарттарга дал келет. Заттардын жогорку бирикмелери (маселен, марганец, магний, алюминий жана калай) жогорулатылган табигый (элестүү) деңгээлине ылайык жана бул жерге мүнөздүү. Ал эми алардын топтолушу адамдардын саламаттыгына жана жаратылышка кооптуулук туудурбайт.